**Кыргыз жаштары**

Аскасы асман тиреген,
Ак булут көктү жиреген.
Ала-Тоо Кыргыз жүрөгү,
Ак шумкар келип түнөгөн.

**Кайырма:**

Бакытка толкуп иштеген,
Бабалар баскан из менен.
Мекенчил кыргыз жаштары,
Келечек жолун түздөгөн.

Жалал-Абал бакыт уясы,
Ош, Талас оомат кулачы.
Чүй, Нарын куттуу касиет,
Баткеним бабам мурасы.

**Кайырма:**

Бакытка толкуп иштеген,
Бабалар баскан из менен.
Мекенчил кыргыз жаштары,
Келечек жолун түздөгөн.

Суктанткан көркү-келбети,
Ысык-Көл жердин бермети.
Ынтымак улуу күч менен,
Ырыска толгон жер бети.

**Кайырма:**

Бакытка толкуп иштеген,
Бабалар баскан из менен.
Мекенчил кыргыз жаштары,
Келечек жолун түздөгөн.
Намыска бекем турушкан,
Улуунун сөзүн угушкан.
Кайраткер ишкер жаштары,
Калк үчүн кызмат кылышкан.
Эл үчүн кызмат кылышкан,
Кыргыз үчүн кызмат кылышкан.